Бишкек шаарынын Биринчи май районундагы №54 жалпы билим берүү мектебинин мугалимдеринин педагогикалык кеңешинин 2021-2022-окуу жылындагы №16 протоколу

10.11.2021 Бишкек шаары

Темасы: Башталгыч класстарда билим берүүнүн жаңы милдеттери

Максаты:Мугалимдерди билим берүүнүн жаңы милдеттери менен тааныштыруу, предметтик компетенттүүлүк түшүнүгүн калыптандыруу

Катышкандар: мектеп директору, мугалимдер (58 мугалим)

Күн тартибине коюлган маселелер:
1.Башталгыч класстарда билим берүүнүн жаңы милдеттери(Башталгыч классынын мугалими Ершибулова Н.К.)
1.1-чейректин жыйынтыгы жана 2-чейрекке карата коюлган маселелер ( Джумакова К.М.)
2. Усулдук бирикмелердин аткарылаган иштери жана жаңы окуу жылына карата коюлган маселелер (Усулдук бирикме жетекчилери)
3. Мектептин тарбиялык иштери (Майтиева Н.К.)
4. Мамлекеттик тилдин мектеп ичинде жүргүзүлгөн иштери (Жумадылова А.С.)
5.Ар түрдүү маселелер :
-начар окуган окуучулар менен иш алып барууну уюштуруу(Джумакова.К.М.,Кеңешбекова.Б.И.)
- "Күндөлүк" класстык журнал менен иштөөнүн жыйынтыгы (Джумакова К.М., Джангазиева.Э.Б)
-Коопсуздук эрежелери (өрт коопсуздугу, техника коопсуздугу, жугуштуу ооруларды алдын алуу (COVID-2019) (Майтиева Н.К)
-Окуучуларды класстан класска которуу (ата-энелердин жазган арыздарынын негизинде)
-Мектепти кыш мезгилине даярдоо (Токторбаева .Б.И.)
-Башталгыч классынын окуучуларынын мектепке келип-кетүү эрежелери (Гайворонская И.В.)
-Насаатчынын иш планы, жаш адистерге жардам көрсөтүү (УБ жетекчилери)
Угулду: Кыргыз Республикасынын Гимни ойнотулду.

Башталгыч классынын мугалими Ершибулова Н.К. "Башталгыч класстарда билим берүүнүн жаңы милдеттери" деген темада доклад окуду.

Билим берүүнүн милдеттери:
-окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө ылайык жалпы жетишкендиктеринин негизги өзөгүн өздөштүрүү;
-ийгиликтүү социалдашуу максатында жарандык маданиятты,толеранттуулукту,өз укуктарын коргой билүүнү калыптандыруу;
-окуучуларга өз алдынчалуулукту, өзүн тыкан алып жүрүүгө тарбиялоо;

-ар бир окуучу үчүн анын коомго аралашуусун камсыз кылуу жана билим алуусуна бирдей укуктарды берүү;
Билим берүүнүн максаты: улам өзгөрүп жаткан көп түрдүү коомдо жеке жана коомдук жыргалчылыкты камсыз кылган инсандын жарандык жана кесиптик ишке даярдыгы.Ошондой эле,мамлекеттик стандарт төмөндөгү баалуулук максаттары багытталган окуучунун жеке мүнөздөмөсүн калыптанышын камсыз кылат:
-Ата мекенин сүйүү, улуттук салттарын урматтоо жана Кыргызстандын маданий күч табигый байлыктарына сарамжалдуу мамиле кылуу;
-негизги жарандык укуктарды, эркиндикти түшүнүү, кабыл алуу, жашоодо жеке тандоо жасап жана аны коргой билүүгө;
- өзүн -өзү урматтоого жана инсандын потенциалын жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгү, заманбап социалдык -экономикалык шартта жеке жыргалчылыкты камсыз кылган жигердүү эмгектик ишке даяр болууну;
- социалдык, саясий маданий турмушта жүрүш-туруш, өз өлкөсүнүн маданий, рухий дөөлөттөрүн өздөштүрүү менен бир учурда эне тилге жана маданиятка аралашуу үчүн негиз катары маданияттын көп түрдүүлүгүн, баалуулугун түшүнүү, кабыл алууга үйрөтүү жана негизги башталгыч класстарда билим берүүнүн негизги компененттүүлүгү болуп конкреттүү предметтердин мазмуну аркылуу калыптанууну жана ишке ашыруулуучу окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделүүчү билим берүүнүн натыйжасы саналат.
Ушул мамлекеттик стандартта, негизги түшүнүктөр жана атоолор төмөнкү мааниде пайдаланылат:
- базалык жалпы билим берүү предметтери
-базистик окуу планы
-жалпы мектеп билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары
-билимдин сапаты
-негизги компетенттүүлүк
-билим берүү тармагы
-билим берүү процесси;

Экинчи маселе боюнча мектеп директорунун орун басары Джумакова К.М.сөз сүйлөдү.1-чейректин жыйынтыгы боюнча мектепте окуучулардын жалпы билим сапаты 28 % түздү.Жалпы мектеп боюнча 51 класс бар.Ар бир класстын билим сапаты ар түрдүү. Негизи мектептин жанында жаны конуштар көп болгондуктан,былтыркы окуу жылында онлайн окуу болгондуктан, ошондой эле,квартирада жашап жүргөн ата –энелер көп болгондуктан,жалпыкласстарда окуучуларын санынын өтө көбөйүшү. Быйыл да 1-класстары 5 класс: 3 орус тилдүү, 2 кыргыз тилдүү ачылды. Быйыл да башталгыч класстын окуучулары 3 сменде окуп жаткандыгы чоң көйгөй жаратууда. Окуучулардын саны көп болгондуктан, мугалимдин сабак өтүүсүүнө да оор болуп жатат.

Үчүнчү маселе боюнча да Джумакова К.М. сөз сүйлөдү. Ал сөзүндө мектептеги усулдук бирикме жетекчилери быйыл мектептин ички планына ылайык бардык иш-пландарды өз убагы менен аткара баштаашты жана жетишкендиктер өз убагы менен болгонун белгиледи. Ар бир усулдук бирикмеге декадалар бөлүндү. Быйылкы окуу жылында 2021-2022-окуу жылында мектепте методикалык иштин маселелери төмөндөгүдөй болуп калтырылды:

-методикалык иштин абалын анализдөө;
-мугалимдердин жана окуучулардын чыгармачылыгын,алдыга койгон максаттарын,маселелерин жайылтуу;
-ар тараптуу өнүгүүлөрдү колдоо ;
-мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өз убагында жогорулатууга шарт түзүү;
-таланттуу окуучулар менен иш алып баруу;
-окуу процессинде заманбап окутуунун технологияларын колдонуу;
-окуу тарбия иштерин жүргүзүүдө жаш адистерге жардам берүү; Ар бир мугалимдин календардык тематикалык пландары текшерилип,өз убагында бекитилди.Мугалимдердин клалификациясын жогорулотуу боюнча мугалимдердин графиги такталды жана төмөндөгү мугалимдер жаш адистер деп эсептелинди:

1. Акрамова Динара Абдумуталиповна- орус тили мугалими
2. Акылбек кызы Алина –тарых мугалими
3. Алмазбекова Нават Алмазбековна- кыргыз тили мугалими
4. Арсенова Айман Айтказиевна-математика мугалими
5. Аскарбекова Наргиза Жумабековна- чет тили мугалими
6. Бубаева Бермет- башталгыч классынын мугалими
7. Жаанбаева Айжан Кабыловна- башталгыч классынын мугалими
8. Исакулова Нургул Бактыбековна- чет тил мугалими
9. Кеңешбек кызы Айсулуу- биология мугалими
10. Омургазиева Айжамал Уланбековна -тарых мугалими
11. Садырбек кызы Ханзаада- орус тили мугалими
12. Упабекова Динара Самидиновна- музыка мугалими

Мектеп ичинде жаш адистердин документтери такталып,насаатчылык иштер жүргүзүлө баштады.

Төртүнчү суроо боюнча мамлекеттик тил боюнча мектеп директорунун о.б. Жумагулова А.С. сөз сүйлөдү.Мектеп ички планына ылайык ар бир иш- чара өз убагында өтүп жатат.Отчеттер,мониторингдер өз убагында тапшырылды. Ар бир иш чара боюнча мугалимдер отчет-анализ тапшырышты.Мектеп ички планына ылайык 23-сентябрда майрамдык иш-чара өткөрүлдү.

Мектептин тарбиялык иштери боюнча Майтиева Н.К. сөз сүйлөдү.Класс жетекчилер ар бир ай аягында отчет тапшырышты.Класстык сааттар өз убагы менен өтүлдү. ЖЖЭ боюнча 5-класстар арасында конкурс уюштурулуп,класстык сааттар өтүлдү. Төмөндөгү темаларга ылайык класс жетекчилер тарабынан окуучулар менен сүйлөшүүлөр болду:

-Жугуштуу ооруларды алдын алуу

-Класс кабинеттердин тазалыгына көңүл буруу;

-Бардык класс жетекчилер класстык сааттарда терроризм-экстремизмди алдын алуу максатында жана окуучулардын коопсуздугун сактоо үчүн түшүндүрүү иштерин жүргүзүлдү;

-3%хлор (гипохлорид) дайыма кабинет тазалоодо колдонуу; Ошондой эле,окуучулардын күндөлүктөрү текшерилип,анализ жазылды.

Ар түрдүү суроолор боюнча мектеп директору Илиясова Ж.Т. сөз сүйлөдү.

а)“Мыйзамсыз акча чогултпоо” боюнча чыгарылган буйрук менен бардык мугалимдер таанышкансыздар.Мектептин ата –энелеринен акча чогултпаңыздар деп белгиледи.

Б) мектепте электр энергиясын сактоо максатында кабинеттерде жарык өз убагы менен күйүп жана өчүрүлсүн,- деп эскертти.

-Окуучулардын мектеп ичинде класстан класска которулушу, ата-энелердин жазган арыздарына жараша гана жүргүзүлөт, -деп эскертти.

**“Күндөлүк”** журналы менен иштөө боюнча ОТИ боюнча мектеп директорунун орун басары Джангазиева Э.Б сөзгө чыкты. Ал өз сөзүндө бул программа боюнча жакшы түшүндүү болуп өткөнүн белгиледи. Анын сөзүнөн кийин,жалпы коллектив “ Күндөлүк” программасы менен иштөөнү жакшы өздөштүрүп калышканын белгилешти.

Башталгыч классынын окуучуларынын мектепке келип-кетүү эрежелери боюнча мектеп директорку Илиясова Ж.Т сөз сүйлөдү. Ал сөзүндө 1-4-классынын окуучуларын азыркы шартка байланыштуу ата-энелер өздөрү алып келишип, сабак бүткөндөн кийин кайра өздөрү алып кетишсин,-деди.Ар бир башталгыч классынын мугалимдери ар бир окуучунун ата-энелери менен тыгыз байланышта иштөөсү керек эненин белгиледи.

Ар бир мугалим сабакта өзүнүн сабагынын жүгүртмөсүнө ылайык келип, сабак өтүш керек экенин белгиледи.Андан кийин мектеп мед айымы Кадырова Р. : Азыркы мезгилдин эң коркунучтуу, жугуштуу оору катары COVID-19 жөнүндө мугалимдерге маалымат берди.Вакцина алгандардын саны көп болгонун белгиледи.

**Токтом кылынды:**

1.Жалпы педогогикалык жамааттын сабактары активдештирилсин;

2.Иш кагаздары мамлекеттик тилде, туура жана так жүргүзүлсүн;

3.Усулдук бирикменин жетекчилери пландалган иштерди так жүргүзүп, отчетторду өз убагында окуу бөлүмүнө тапшырышсын ;

4.Класстык электрондук журнал, календардык пландар, күндөлүк сабактын планы усулдук бирикме жетекчилери аркылуу текшерилип,өз убагында окуу бөлүмүнө отчет берилсин;

5.Насаатчы мугалимдердин жаш адистер менен иштөөсү активдештирилсин;

6..Бардык класстарда коопсуздук эрежелери:ТКЭ,ЖЖЭ, Өрт коопсуздугу, сууда сүзүү эрежелери,БББ тарабынан берилген негизинде өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту алдын-алуу жана терроризм-экстремизм боюна окуучулардын коопсуздугу, ден соолугун сактоо максатында түшүндүрүү иштери класстык сааттарда класс жетекчилер тарабынан, мектеп админинстрациясы, ЖОН тарабынан түзүлсүн;

7.Окуучулардын тартиби, билими, сабактан калуусу, сабака кечигүүсү тууралу ата-энелерге билдирүү класс жетекчилерге жүктөлсүн;

8.Жугуштуу оорулардын алдын-алуу максатында бардык окуу бөлмөлөрүндө, аянтчаларда, мектеп айланасында дайыма тазалык иштери жүргүзүлсүн ,аны контролго алуу Майтиева Н.К жүктөлсүн;

9..Окуучулардын тамктануусун уюштуруу ишин 1-4- класстарда биология мугалими Митюкляева Б.К.5-7- класстарда соц педагог Кеңешбекова Б.К жоопту болушсун;

10.Башталгыч классынын окуучуларын мектепке алып келүү,алып кетүү ата-энелерге жүктөлсүн,ал эми окуучуларды тактоо класс жетекчилерге жүктөлсүн;

11.Окуучулардын мектеп ичинде класстан-класска көчүрүү тартиби окуу бөлүмүнүн башчысы Джумакова К.М. көзөмөлгө алсын;

12.Терроризм жана экстремизмдин алдын алуу максатында мектеп окуучуларынын коопсуздугун сактоо үчүн кезметте турган мектеп администрация мүчөсү окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

13.Мектеп жүгүртмөсү алты күндүккө өткөрүлсүн, 11-кл,10-кл, 5-кл, 1-4-кл 5 күндүк жүгүртмөдө калышсын;

14.Күндөлүк программасы жыл бою мугалимдер жана класс жетекчилер тарабынан активдештирилсин;

15.Жугуштуу ооруларды,өзгөчө COVID-19 оорусун алдын алуу максатында дайыма мектеп ичинде санитардык норма сакталып,окуучулар аралыкты сакташсын.

16.Ар бир окуучунун сабакка катышуу жана жетишүүсү класс жетекчилер тарабынан контролго алынсын.

17. Окуу – тарбия процесси мыйзам чегинде, окуучунун кызыкчылыгы эске алынып, окуучуну коомчулуктун тең укуктуу мүчөсү катары кабыл алуу, сыйлоо жана зордук зомбулуктан коргоо, анын мыйзам чегиндеги укугун жана эркиндигин камсыздоо менен түзүлсүн.

18. Мугалимдердин моралдык- этикалык нормаларды сактоо эрежелери педагогикалык кеңеште каралып, дайыма талкуулансын.

19.Сабактарынан «2» чыккан окуучулардын ата-энелерине класс жетекчилер тарабынан билдирмелер жөнөтүлсүн;

2.Сабактарынан бирден «3», бирден «4» чыккан окуучулар менен предметтик мугалимдер иш алып барышсын, аны контролдоо Джумакова К.М. жүктөлсүн.

Директор Илиясова Ж.Т.

Катчы Джумакова К.М.